КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ

АЛА - АРЧА
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

724324 Мрамор айылы
Юбилейная көчөсү № 1

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН

АЛА - АРЧИНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ

724324 с. Мраморное
ул. Юбилейная № 1


**АЛА-АРЧА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН 28 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 19 ОТУРУМУ**

# Т О К Т О М № 87

05 - октябрь 2023- жыл Мраморное а.

## “Жергиликтүү жааматтын Курултайы жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августунун ПЖ №215 “Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” Жарлыгын аткаруу максатында, Ала-Арча айыл аймагынын жергиликтүү жааматынын Курултайын даярдоо жана өткөрүү максатында, Ала-Арча айылдык кеңеши

**ТОКТОМ кылат:**

1. Элдик Курултайга делегаттарды көрсөтүү үчүн Ала-Арча айыл аймагынын жергиликтүү жааматынын Курултайы 2023-жылдын 18-ноябрында саат 14-00дө Мраморное айылынын клубунда өткөрүлсүн;
2. Жергиликтүү жааматтын Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин;
3. Курултайга 40 адамдан турган өкүлчүлүктүн нормасы белгиленсин;
4. Курултайга делегаттарды көрсөтүү боюнча Ала-Арча айыл аймагынын жергиликтүү жааматынын чогулуштарын өткөрүү графиги №2 тиркемеге ылайык бекитилсин;
5. Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топко:
   - 2023-жылдын 21-октябрына чейин жергиликтүү жамааттын Курултайына делегаттарды көрсөтүү үчүн жергиликтүү жамааттардын чогулуштарын жана жыйындарын өткөрсүн;
   - Ала-Арча айыл аймагынын тургундарына Курултай тууралуу маалымат берүү иштерин жүргүзүшсүн;
   - Ала-Арча айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Курултайынын күн тартибинин долбоору иштеп чыгарылсын;
6. Бул токтомдун аткарылышы өз көзөмөлүмдө болот.

**Ала-Арча айылдык**
**Кеңешинин төрагасы** **Н.Б.Мажитов**